№ 16
КирФАН СССР гор. Фрунзе

~~Инв. 1307~~

Молдо Кылыч.

Ырлар.

16

... Инв. № 1307 ... ФАН СССР ...

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 76.
14/IV.81 г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе



КЫЛЫЧТЫН ЫРЛАРЫ Инв. номер 1307.

Жыйноочулар

1. Мифтахов
2. Солтоноев
3. Авдырахманов Ыврай
4. Бейше уулу

Латын тамгасы менен жазылган №11 инв. вариантын көчүрмө нускасы.

13/III 1928 ж.

1. Өзү жөнүндө 2-бет.
2. Чүй 5-бет.
чет баяны, 26-бет.
3. Канаттуу 37-бет
4. Зар заман /1/ 57.
5. Зар заман /2/ 102.
6. Зар заман /3/ 136.
7. Өмүр баяны 153.

## ~~КЫЛЫЧ АКЫНДЫН ЫРЛАРЫ~~

Машинисткага кайсы катары менен басылса, тарткынга ден!

### 1. ӨЗҮ ТУУРАЛУ

Молдо Кылыч бечара
Болбос кепти ~~козгогон~~ коштогон.
Ар жандардын ыратын
Орду менен козгогон.

Өзүм наадан экемин,
Ошончолук эйинатым,
Өз боюма жукпаган.
Ыраз наадан экемин,
Наадандыкты ~~тутууну~~ тутуну
~~Коодомумду~~ коодомумду каптаган
Дагы шукур кудайга
Мен карыпты сактаган.

Өмүр өтуп баратат
Кара сакал кыярып,
~~Атаа~~ Атана арман дунуйө
Өтуп кетти балалык!

---

х/ 1916 жылы уркун убагында тоо аркасында Сөөк Каракол деген жерден Нарын кантону Жоон арык болушунда туруучу Шарше Кулубек уулу таап алган экен. Билим борборуна бул эски жазманы Бейше уулу 1927 жылы тапшырган.

Аны менен агалар
Ошол жерде жабалык!
Кол көтөрдүм дубага
Тапшырайын кудаага,
Атам менен анама,
Дуба кылсаң ыраба.
Арбагына алардын
Кара жаным садага!
Биз турбайбыз акыры
Бу жалганчы пааңага.
Өлүү менен тирикке
Дуба жүрөр арага.
Жерим Кочкор шамалдуу,
Тоосу бийик бадалдуу,
Канча болсо шамалы
Малга болбос залалы.
~~. . . . . . . карман дандылу~~
жайкы чөбү бурдөлүү.
Жалпы биздин жар жоро
Бирдалай журт күрдөлүү.
Турган жерим ~~[illegible]~~ . Бучучу.
Көрсө көңүл ~~туруnчу.~~ бурчучу.
Биздин аймак агайын
Баары жерден туруучу.
Жаман жери шамалы
Чаңы көздө тунуучу.
Сырын билбес адамдар

Жөн деп акыр туруучу.
Ордубуз ошол жер болуп
.Ьаарын катка жазалы.
Төрөкелди балдары
Тегереги аймагы,
Атабыздын кумбөзу
Жана болот жайлары.
Бугучуда конушум
Черикчиде болушум.
Ьирөө кылып молдолор
Катка түшкөн санатым.
Салам маани жазууду
Салып кара көзуңду.
~~Жалпы молдо кош~~ . . .
.Жалгар кудай өзумду.
Карар болсоң жарандар
Көптөн бери билемин.
Амийин деп коюшка
Ойлосоңуз жарагын.
Олтурган ини-агалар
Эми мына жигиттер
Дарбазасын жабамын.
Кайдан айтсам табамын,
Карасаңыз жигиттер
Каалгасын жабамын. 68 обр